*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

*Экспресс-маалымат*
2017-ж. 12-майы.

## 2017-жылдын январь-апрель айларындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-апрель 2016[1] январь-апрелине карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-апрель 2015 январь-апрелине карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча) | 120714,3 | 107,7 | 94,0 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 107239,1 | 104,0 | 99,8 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 68441,9 | 136,3[2] | 73,4[2] |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 39614,3 | 124,5[2] | 93,1[2] |
| Пайдалуу кендерди казуу | 4185,8 | 180,2[2] | 149,2[2] |
| Иштетүү өндүрүштөрү | 48445,0 | 137,4[2] | 66,6[2] |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 15219,8 | 114,4[2] | 86,3[2] |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 591,4 | 103,6[2] | 105,3[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукция-сы | 30567,6 | 101,6 | 100,9 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 25415,5 | 102,8 | 103,0 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 22950,7 | 101,9 | 103,6 |
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 103854,4 | 103,7 | 104,4 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 58894,0 | 104,4 | 103,8 |

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-апрель 2016[1] январь-апрелине карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-апрель 2015 январь-апрелине карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 4642,5 | 106,9 | 106,7 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуунун көлөмү, миң тонна | 9070,2 | 102,8 | 103,7 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун, млн. адам | 210,6 | 103,8 | 103,8 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 214,5 | 95,0 | 76,3 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 8326,0 | 83,7 | 99,8 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 102,1 | 100,8 |
| - 2016-ж. декабрына карата | 102,2 | | |
| - 2016-ж. апрелине карата | 103,8 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 60,3 | 102,6 | 100,2 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 14203 | 105,6 | 112,4 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 433,4 | 128,5 | 86,3 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 870,7 | 115,0 | 82,1 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январь-март. Чакан ишканаларды эсепке албаганда.
[4] Январь-март.

## 2017-жылдын январь-апрель айларындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр

**Өнөр жай.** Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн 36,3 пайызга жогорулашы январь-апрель айларында 2016-жылдын ушул мезгилине салыштырганда негизинен металл кендерин (4,1 эсеге) казуунун, негизги металлдарды (1,5 эсеге) өндүрүүнүн жана тазартылган мунайзат продуктуларын өндүрүүнүн (1,7 эсеге) өсүшү менен камсыздалды. Тамак-аш продуктуларын өндүрүүнүн (31,2 пайызга) өсүшү кум-шекерди өндүрүүнүн эсебинен болду (өткөн жылы бул мезгилде ал өндүрүлгөн эмес). Кийимдерди өндүрүүнүн 24,7 пайызга жогорулашы эркектердин жана аялдардын сырткы кийимдерин чыгаруунун жогорулашы менен камсыздалды.

Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун көлөмү 2016-жылдын январь-апрелинин деңгээлинен 14,4 пайызга жогору болушу электр энергиясын өндүрүүнүн жана таркатуунун өсүшүнөн келип чыкты.

**Айыл чарбасы.** Айыл чарбасындагы, токой чарбасындагы жана балык уулоочулуктагы продукциянын көлөмдөрүнүн өсүшү негизинен мал чарбасынын продукциясынын өсүшүнөн келип чыкты.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүшү электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодо (жабдууда), суу менен камсыздоодо, таштандыларды тазалоо жана кайрадан иштетүүдө, дүң жана чекене соодада, мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүндө, маалымат жана байланыш, саламаттыкты сактоодо, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу объекттерин курууда жана башка тейлөө ишмердүүлүгүндө, ошондой эле турак жай курулушунда байкалды.

Ошону менен бирге негизги капиталга инвестициянын төмөндөшү айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун, пайдалуу кендерди казууда, иштетүү өндүрүшүндө, транспорттук ишмердүүлүктө жана жүктөрдү сактоодо, финансылык ортомчулукта жана камсыздандырууда, ошондой эле билим берүүдө байкалды.

Ички булактардын эсебинен түшкөн инвестициялардын көлөмү 3,6 пайызга, ал эми сырткы булактардан түшкөнү 0,8 пайызга өстү.

Инвестицияларды негизги көлөмү (жалпы инвестициялардын көлөмүнөн 83,0 пайызы) пайдалуу кендерди казуудагы, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодогу, транспорт, мейманкалардын, ресторандардын жана турак жай тармагындагы объектилерин курууга багытталган.

**Соода.** Дүң жана чекене сооданын, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүсүнүн көлөмүнүн көбөйүүсү негизинен дүң (5,7 пайызга) жана чекене сооданын (4,4 пайызга) көлөмүнүн өсүүсү менен камсыздалды.

**Баалар жана тарифтер**. Үстүбүздөгү жылдын башына бери керектөө бааларынын өсүшү 2,2 пайызды түздү. Мында үстүбүздөгү жылдын апрель айында өткөн айга салыштырганда керектөө бааларынын өсүшү республика боюнча 0,1 пайыз болду.

Жыл башынан бери тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары 4,2 пайызга жогорулашына жаңы жер-жемиштердин (34,5 пайызга) бааларынын өсүшү таасир этти. Баалардын өсүшү тамекинин (13,8 пайызга) жана кызмат көрсөтүүдө (2,7 пайызга) байкалды. Ошол эле учурда январь-апрелде  азык-түлүктүк эмес товарлардын (0,5 пайызга) жана алкоголдук ичимдиктердин (3,0 пайызга) баалары төмөндөдү.

Жыл башынан бери керектөө бааларынын эң көп өсүшү Ош шаарында (3,9 пайыз) катталды. Себеби башка региондорго караганда  мында азык-түлүк эмес товарларга (2,5 пайыз), алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин (8,0 пайызга) баалары жогорулады. Баткен облусунда жыл башынан бери кызмат көрсөтүүнүн баалары (3,1 пайызга) чукул өстү,  азык-түлүк товарларга жана алкоголдук эмес ичимдиктерге Ош облусунда 6,2 пайызга өсүш болду.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** 2016-ж. январь-марты менен салыштырганда 2017-жылы экспорттун көлөмүнүн өсүшүнө кургатылган жемиштерди 4,6 эсеге, монетардык эмес алтынды 1,5 эсеге жана айнекти 3,3 эсеге жөнөтүүнүн жогорулашы себеп болду.

Импорттук түшүүлөрдүн жогорулашы жыгач материалдарын 14,1 эсеге, кийимдин 36,8 пайызга, бут кийимдин 3,2 эсеге жана фармацевтикалык продукциянын 1,6 эсеге, мунайзат продукциялары 9,0 пайызга жана синтетикалык материалдарга 6,2 пайызга жогорулашы менен жетишилди.

2017-жылдын январь-мартында ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара сооданын көлөмү 518,9 млн. АКШ долларын түзүп, 2016-жылдын январь-мартына салыштырганда 13,2 пайызга жогорулады. Мында экспорт – 23,5 пайызга, импорт – 9,0 пайызга жогорулады. ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодада эң көп үлүш Россияга  (61,1 пайыз) жана Казакстанга (37,8 пайыз) туура келди.

Россияга экспорттолгон товарлардын ичинен кургатылган  жемиштерди, жаңгактарды 5,8 эсеге, алма, алмурут жана айваны 30,2 пайызга, сабиз, кызылча жан башка ушул сыяктуу жемиштерди 20,1 пайызга, быштак жана творогду 3 эсеге чыгаруу көбөйдү.

Россиядан импорттолгон товарлардын ичинен шоколадды жана даяр азык түлүктөрдү 43,9 пайызга, дары-дармектерди 2,7 эсеге, нан жана кондитердик азыктардын 1,5 эсеге, кагаз жана картонду 39,5 пайызга киргизүү көбөйдү.

Казакстанга экспорттолуучу товарлардын ичинен айнекти 3,3 эсеге, сүт азыктарын 2,4 эсеге, кургатылган жемиштерди 1,6 эсеге алып чыгуу көбөйдү.

Ошол эле убакта пахта йогурт жана кефир 39,0 пайызга, суу анын ичинде минералдык жана газдалган сууларды алып кирүү 24 пайызга, макарондорду 44,0 пайызга жана башка тамак-аш продуктуларды 20,8 пайызга, ошондой эле үй эмеректерин 31,3 пайызга алып кирүү төмөндөдү.

Казакстандан алынып келген товарлардын ичинен кондитердик азыктарды 2,2 эсеге, күрүчтү 1,5 эсеге, гигиена товарларын 2,4 эсеге алып кирүү өстү.

Ошол эле учурда мисте майын 53,3 пайызга, кум-шекерди 6,1 пайызга, курулуш шыбак материалдарын 10,6 пайызга жана болоттон жасалган жалпак темирлерди 22,8 пайызга алып келиниши азайды.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төраганын биринчи орун басары** **А.Т. Оросбаев**